УДК 8:811:811:512:154:372.881.1
DOI 10.33514/1694-7851-2023-3-15-21

**Байбосова Д. К.**
аспирант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

## КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМ, ЫКМА, БИЛГИЧТИКТЕРИН БААЛООНУН ТҮРЛӨРҮ, ТИПТЕРИ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

**Аннотация:** Бул макалада жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилин этнопедагогикалык негизде окутуудагы баалоонун түрлөрү, типтери, формалары, баалоонун модели, тестти баалоо, оозеки жоопту баалоо жана жазуу жумуштарынын түрлөрүн баалоонун типтери, түрлөрү, формалары жана чен-өлчөмдөрү тууралуу методикалык сунуштар жана пикирлер баяндалды

**Түйүндүү сөздөр:** кыргыз тили, баалоо, баалоонун түрлөрү, типтери, формалары, баалоонун модели, тестти баалоо, оозеки жоопту баалоо, жазуу жумуштарынын түрлөрүн баалоо, диагностикалык баалоо, калыптандыруучу баалоо, жыйынтыктоочу баалоо.

**Байбосова Д. К.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева

## ВИДЫ, ТИПЫ И ФОРМЫ ОЦЕНКИ ЗНАНИЙ, УМЕНИЙ И НАВЫКОВ СТУДЕНТОВ В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ НА ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ОСНОВЕ

**Аннотация:** В статье представлены методические рекомендации и мнения по видам, типам, формам оценивания при этнопедагогическом обучении кыргызскому языку в общеобразовательных учреждениях, модели оценивания, тестовой оценке, оценке устных ответов и критериям оценки видов письменной работы.

**Ключевые слова:** кыргызский язык, оценивание, виды оценивания, виды, формы, модель оценивания, тестовое оценивание, оценка устных ответов, оценка видов письменной работы, диагностическое, формирующие и итоговое оценивание.

**Baibosova D. K.**
graduate student
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev

## TYPES AND FORMS OF ASSESSMENT OF KNOWLEDGE, METHODS, SKILLS IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE ON AN ETHNOPEDAGOGICAL BASIS

**Abstract:** The article presents methodological recommendations and opinions on the types, types, forms of assessment in ethnopedagogical teaching of the Kyrgyz language in general education institutions, assessment models, test assessment, assessment of oral answers and criteria for assessing types of written work.

**Key words:** Kyrgyz language, assessment, types of assessment, types, forms, assessment

model, test assessment, assessment of oral answers, assessment of types of written work, diagnostic, formative and final assessment.

Кыргыз мамлекети эгемендүүлүккө ээ болгондон бери кыргыз тилине айрыкча көңүл бурулуп, бир катар маанилүү документтер кабыл алынгандыгы [1;2;3], ошону менен бирге эле, кыргыз тилин окутуу жаатында да фундаменталдуу илимий изилдөөлөр [4; 5; 8] жүргүзүлүп, эне тилин этнопедагогикалык багытта окутууга айрыкча көңүл бурулуп жаткандыгы белгилүү. Белгилей кетсек, окумуштуу К.Сартбаев өз учурунда "... улуу маданий мурасыбыз "Манас" эпосун, андагы мектепке ылайык тексттерди, балдардын жаш курагынан баштап, окутуп-үйрөтүүнүн зарылдыгын далай жолу кайра-кайра педагогикалык коомчулукка айтып келген болчу" [9, 39-бет]. Ошондой эле, кыргыз тилин окутууга жаңыча көз караш менен кароо менен, айрыкча, студенттердин жана окуучулардын билимин баалоодо пассивдүү, команда берүүчү методикадан качуу менен бирге эле, тескерисинче, дал ошол баалоо аркылуу аларды окууга, билим алууга шыктандыруу маселелери келип чыгууда.

Кыргыз тилин этнопедагогикалык багытта окутууда окутуунун натыйжаларын баалоо – окутуунун формалары, методдору жана максаттары жана окутуунун күтүлүүчү натыйжалары менен менен тыгыз байланышта. Баалоонун максаты – күтүлүүчү натыйжа менен окутуунун фактылык жыйынтыктарынын дал келүүсүн аныктоо. студенттердин жана окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн баалоодо мугалим окутуунун тандалган формаларына жана методдоруна ылайык баалоонун ар кыл методдорун пайдаланат.

**Баалоонун негизги принциптери деген эмне?**

Баалоонун системасын иштеп чыгууда төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алуу зарыл:

- Обьективдүүлүк принцибинде - биологиялык шарттарда бардыгына бирдей шарттардын коюлушу талап кылынат. Студенттердин жана окуучулардын иштерин текшерүүнүн обьективдүүлүгү бул – окутуучуга, мугалимге да бардык студент-окуучуларга да белгилүү болгон баалоонун так критерийлеринин болушун тастыктайт;
- Ишенимдүүлүк – бул педагогикалык өлчөөнүн так деңгээли. Баалоо методу ишенимдүү болуп саналат, Эгерде, бир эле билгилерди, иштерди кайталап текшерүү учурунда ошол эле жыйынтык келип чыкса;
- Баалоо методунун далилдүүлүгү же аныктыгы бул - чынында эле, өлчөөгө зарыл болгондор, өлчөнүп жатабы же башка экендигин көрсөтүүчү каражат болуп саналат

**Баалоонун түрлөрү кайсылар?**

Студенттердин жана окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин, билим, ыкма, билгичтерин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү [6;7;8] колдонулат:

- диагностикалык баалоо
- калыптандыруучу (формативдик) баалоо
- жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо

*Диагностикалык баалоо.* Өсүүнү баалоо үчүн окутуучу же мугалим окуу жылынын мезгилинде студенттердин жана окуучулардын компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээли менен жетишилген жыйынтыктарды салыштырууну жүргүзөт. Студент

же окуучулар үчүн окуу тапщырмалары жана окутуучу же мугалим үчүн окутуу процессинин милдеттерин так коюу жолу менен окутууну өркүндөтүү жана оңдоп-түзөө үчүн негиз катары кызмат кылат жана жалпылаштырылат. Диагностикалык баалоонун жыйынтыктары сүрөттөө түрүндө чыгарылат.

*Калыптандыруучу (формативдик) баалоо. Калыптандыруучу* баалоонун максаты – студент же окуучунун материалдарды өздөштүрүүдөгү жекече өзгөчөлүктөрүн жана жетишкендиктерин аныктоо. Ошондой эле, ийгиликтерге жетишүүсү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, өз убагында окутууну түзөтөө үчүн, ал эми, студент же окуучу өздөрү аткара турган иштин сапатын жакшыртуу үчүн колдонушат. Окуучунун жөндөмдүүлүгүнүн деңгээли эмес, ал тарабынан аткарылган конкреттүү иш бааланууcу зарыл.

Окутуунун аралыктагы жыйынтыктарын баалоодо студент же окуучунун өзгөчөлүктөрү - ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б. эске алынат. Студент же окуучунун жетишкендиктерине жана өнүгүүлөрүнө өзгөчө көңүл бурулуусу шарт. Алардын өнүгүүсү билим берүү алкагындагы окутуунун максатында камтылган белгилүү жыйынтыктарга жетишүүсү катары аныкталат. Журналга белгилөө зарылдыкка ылайык катталат. Окутуучу же мугалим студент же окуучунун жекече өнүгүүсүн өзүнүн жеке байкоолору боюнча белгилейт.

*Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо. Студент же о*куучунун билимин жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо окутуунун ар бир этабы үчүн пландаштырылган жыйынтыктарга жетишүү деңгээлин аныктоо үчүн кызмат кылат жана күнүмдүк аралык жана жыйынтык баалоолорду камтыйт.

- Жеке аткарылган тапшырмаларды күнүмдүк баалоо баалоонун чен-өлчөмдөрүнө (туура аткарылган маселенин санына, кетирилген каталардын эсебине, жасалгалоонун эрежелеринин сакталышына ж.б.) жана мугалим тапшырган айрым иштердин аткарылыш критерийлерине байланыштуу жүргүзүлөт. Күнүмдүк баалоо - окуу материалын өздөштүрүүдөгү жекече өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу ишке ашырылышы керек.
- Аралыктагы баалоо – төмөнкүдөй иштердин түрлөрүнүн негизинде жүргүзүлөт:

- жазуу жумуштары - булактар менен иштөө; оозеки жооп - презентация;
- долбоор, изилдөөчүлүк иштер; спецификалык иштердин түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктердин папкасы) ж.б.

Бул иштердин бардык түрлөрү баалоонун критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү катары саналат жана баалоонун планын иштеп чыгууда алдын - ала пландаштырылуусу талапка ылайык.

- Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо окуу жайдын же мектептин календарына (1-2-модулдар - чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлөт жана учурдагы баалоонун иштелип чыккан критерийлерине жана чен-өлчөмдөрүнө ылайык жазуу формасында толтурулат.

**Баалоонун типтери, түрлөрү, жана формаларына кайсылар кирет?**

Билим берүү системасында педагогикалык баалоонун эки тиби колдонулат: 1) тапшырмалар менен айырмаланган нормативдик 2) критерийлик.


Айрым окуучулардын билимдерин баалоо – окуп жаткандардын айрым топторунун деңгээлине ылайык аткарылат. Анын максаты – айрым окуучулардын билимин башка окуучулардын билими менен практикалык түрдө салыштырууну ишке ашырат.

Айрым окуучулардын билимдерин критерийлик баалоодо бекитилген стандартка ылайык айрым окуучулардын же топтордун жыйынтыктары сүрөттөлөт.

Баалоонун бул эки тиби бири-бирин жокко чыгарбайт. Педагогикалык практика нормативдик дагы, критерийлик дагы баалоого муктаж. Мугалимге баалоонун кайсы тибин пайдалануу керектигин аныктоо үчүн ал баалоонун максатына кайрылуусу зарыл.

Эгер, окуу материалынын ар бир окутулган маанилүү фрагментин өздөштүгөндүгүн же өздөштүрбөгөндүгүн, сөзсүз, аныктоо зарыл болсо, анда мындай учурда баалоонун критериалдык тибин пайдалануу керек. Предмет боюнча мектеп олимпиадасына катышуу үчүн класстан бир нече окуучуларды тандоо зарыл болсо, анда сөзсүз түрдө баалоонун нормативдик тиби колдонулат.

**Баалоонун түрлөрү, типтери жана формалары**



## Баалоону ишке ашырууга карата айрым бир методикалык көрсөтмөлөр

Билим алуудагы жыйынтыктарды баалоо өзүнө күнүмдүк, аралыктагы жана жыйынтык [7;8] бааларды камтыйт. Бирок ал мурдагы баалардай арифметикалык сандардын чегинде гана механикалык түрдө болбошу керек. Ар бир баанын салмагы окутуу процессинде колдонула турган иштердин түрлөрүнүн маанисине байланыштуу.

Күнүмдүк баалоого 10%, аралыктагы баалоого 70%, жыйынтык баалоого 20% бөлүү зарыл. Баалардын салмагын пайыздык жактан бөлүштүрүү студент же окуучунун күтүлүүчү натыйжага карай өнүгүүсүн байкоого мүмкүндүк түзөт. Күнүмдүк баалоонун формаларын окутуучу же мугалим өз алдынча аныктайт. Аралыктагы баалоо үчүн студент же окуучуга өздөрүнүн жетишкендиктерин продуктивдүү жана конструктивдүү деңгээлде демонстрациялаганга мүмкүндүк түзүүчү формалар сунушталат.

**Билим алуудагы жекече жетишкендиктерди баалоонун үлгүсү (модели)**

| № | Баалоонун формалары | Иштердин түрлөрү | Жыйынтык баалоонун салмагы |
|---|---|---|---|
| 1. | Күнүмдүк баалоо | | 10% |
| 1.1. | Окутуучу же мугалим өз алдынча аныктайт | Оозеки жооп, жуптук, топтук иштердин презентациясы, жазуу жумуштары | 10% |
| 2. | Аралыктагы баалоо | | 70% |
| 2.1. | Жазуу иштери, булактар менен иштөө | Эссенин ар кыл түрлөрү. Реферат жазуу, аналитикалык иштер, тексттердин, дилбаяндардын ж.б.ар кыл түрлөрү | 20% |
| 2.2. | Оозеки формалары | Маалымдоо, презентация, доклад, суроолорго жооп | 15% |
| 2.3. | Долбоордук жана изилдөөчүлүк иштер | Изилдөөчүлүк отчёттор, эксперименттин жыйынтыктарын сүрөттөө, лабораториялык иштер ж.б. | 20% |
| 2.4. | Портфолио | Портфолио аркылуу өзүнүн окуудагы жетишкендиктерин презентациялоо | 15 % |
| 3. | Жыйынтыктоочу баа | | 20% |
| 3.1. | 1-2-модулдар же чейректик, жарым жылдык, жылдык текшерүү, текшерүү иштери | Тест жазуу тапшырмалары ж.б. | 20% |

Баалана турган окуу ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү (тапшырмаларды аткаруу, тесттер, көнүгүүлөр ж.б.) репродуктивдик, продуктивдик жана конструктивдик

компетенттүүлүктөрдү [6.7.8.] калыптандыруу деңгээлдери боюнча жайгаштырышы керек. Мында, сөзсүз түрдө, белгилүү пайыздык катнаштарды сактоо зарыл.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн улуттук алкактык куррикулуму. – Бишкек, «Kirland» басмаканасы, 2010. – 33б.
2. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы –Б.: 20 б.
3. Окуучуларды баалоо. Жаңыча мамилелер жана усулдар: Мугалимдер үчүн методикалык курал / Алымова,А., Буркитова, М.,Мыкыева, М., Рыскулова, Ж. "Айылдык билим берүү долбоору". – Бишкек-: «ADITI» басмасы, 2010. – 155б.
4. Мусаева В.И. Кыргыз тилин окутууда чечендик кепке (риторикага) үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери (5-11-кл.) Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты Б.: 2014, -42 б.
5. Акматов, Б.М., Мукамбетова, А.С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы (Теория жана практика). 2-китеп. – Б.: "Полиграфресурсы", 2010. – 253б.
6. Мусаева, В.И. Кыргыз тили жана кыргыз адабияты (Календарлык-тематикалык план) 5-11-кл.Б.: "Алтын тамга", 2019. – 149б.
7. Мусаева, В.И. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлгүчү натыйжалар.Кыргыз тили.5-9-кл. USAIDдин "Сапаттуу билим" долбоору. – Б.: "Билим", 2012. – 96б.
8. Мусаева, В.И. Жазуу маданиятын окутуунун теориясы менен практикасы (монография) Б.: Транс принт, 2018. -472б.
9. Мусаева В.И. Акматова Б.И. Каратай Сартбаевдин методикалык мурастарын окутуунун дидактикалык маани-маңызы / Журналда: И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. Атайын чыгарылыш. -2021. 39-бет


**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Мусаева В.И.**